Улуттук банкка - 25 жыл

# Чейрек кылымдык барандуу жол



***31-март күнү КР Улуттук банкынын 25 жылдыгына карата, "Кыргыз Республикасындагы банк системасынын түзүлүшү жана өнүгүүсү: чакырыктар жана аларды чечүү жолу" аталыштагы конференция болуп өттү. Ага Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов, Жогоку Кеңештин Экономикалык жана фискалдык саясат комитетинин төрагасы Нурланбек Макеев, Өкмөттүн аппаратынын жетекчисинин орун басары Санжар Үмөталиев, көз карандысыз эксперттер катышышты. Конференциянын жүрүшүндө Улуттук банктын басып өткөн жолу, өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымы, ал тараптан киргизилип жаткан инновациялык жаңылыктар сыяктуу темаларда баяндамалар окулуп, талкуу жүрдү. Конференциянын катышуучуларынын пикирлеринин негизинде 25 жылдык тарыхында Улуттук банктын жетишкендиктери, чакырыктарга даярдыгы, негизи эле жалпы ишмердигине сары эсеп салып көрсөк.***

**Шабдан АБЫЛГАЗЫ уулу, "Кыргыз Туусу"**

## Эгемендүүлүк менен келген экономикалык коркунуч

СССР кулап, Кыргызстан эгемендүүлүктү алышы менен жаңы чакырыктарга туш болду. 1992-жылы жылдык инфляция 2000 пайызга жетип калган. Ошондо улуттук валютаны киргизүү чечими кабыл алынган. Буга чейин ошол эле жылдын июнь айында мурдагы постсоветтик республикалардан Эстония өз валютасын ийгиликтүү киргизген болчу. Бирок Кыргызстанга Эстониянын жолу менен кетүү мүмкүн болбой калган. Себеби, ал өз экономикасын Европага багыттап кеткен. А Кыргызстанда мындай мүмкүндүк жок болчу.

"Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында акча-кредиттик, банк секторундагы структурасынын өзгөчөлүктөрү" аталыштагы баяндама жасаган Улуттук банктын 1994-1998-жылдардагы төрагасы, эксперт **Марат Султанов** ошол учурда көз карандысыз акча-кредиттик саясат жүргүзүү үчүн Кыргызстан өзүнүн улуттук валютасы, өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу менен борбордук банк түзүү механизмин тандап алган. Ал учурда негизги максат инфляцияны төмөндөтүү жана төлөм системасын мезгил талаптарына тууралоо болгон. Себеби, төлөм системасын баш аламан болгонун ошол учурда иштегендер билет. Мына ушундай аракеттердин натыйжасында 1994-жылдын аягына карата өлкөдө инфляция салыштырмалуу төмөндөп, төлөм системасын аздыр-көптүр жөнгө салууга мүмкүн болгон.

Экономикалык ар түрдүү чакырыктарга карабастан бүгүнкү күндө Улуттук банк өзүн мамлекеттик институт катары көргөзө алды. Акыркы учурда Улуттук банк дүйнөлүк экономикадагы, коомдогу өзгөрүүлөргө жараша иш алып барууну колго алууда.

– Улуттук банкта автоматташтыруу боюнча чоң долбоор иштелип жатат, – дейт Улуттук банктын төрагасы **Толкунбек Абдыгулов.** – Ага ылайык, отчеттор электрондук түргө өткөрүлүп, аларды тапшыруу жеңилдейт.

Ошондой эле акыркы учурда жыл сайын көптөгөн кишилер финансылоонун исламдык принциптерине кайрылып жатышат. Алардын кызыкчылыгын четке кагуу болбойт. Ошолорго да финансылык ресурстар жеткиликтүү болушу үчүн ислам банкингин өнүктүрүш керек. Учурда Кыргызстанда финансылоонун исламдык принциптери менен төрт микрокредиттик компания иш алып барууда. Андан тышкары ЭкоИсламик банктын ичинде исламдык терезе, дагы бир чоң микрокредиттик компанияда исламдык терезе бар. Бул процесс Кыргызстанда жүрүп жатат. Буюрса, Ислам өнүктүрүү банкы менен бирге жаңы ислам принциптери менен иштеген банк ачылат.

## Улуттук банк: кечээ, бүгүн жана эртең

Конференциянын жүрүшүндө Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов "Улуттук банк: кечээ, бүгүн жана эртең" деген темада баяндама жасады. Анда өлкөнүн башкы банкири учурда геосаясий тирештердин күчөшү, экономикалык туруксуздуктун сакталышы жана интеграциялык процесстерде Кыргызстандын катышып жатканына байланыштуу бүгүнкү күн өлкө үчүн жана анын Улуттук банкы үчүн маанилүү учур экенине токтолду.



Конференциянын жүрүшүнөн

Анын пикири боюнча, өлкө эгемендүүлүк алгандан бери алдыга кадам жасап, салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде кирешеси төмөн өлкөлөрдүн катарынан чыга алды. Экономиканын жылдык өсүшү 4,6 пайызга жетти. Инфляция төмөн болуп, улуттук валютанын наркы постсоветтик өлкөлөрдүн улуттук валюталарынын ичинен эң туруктуулугун кармап турат.

Албетте, баары жеңил болуп жаткан жери жок. Өлкө ар кандай экономикалык чакырыктарга туш болууда. Бул жерден Улуттук банк оорчулукту басып өтүүдө жана туруктуулукту сактоодо маанилүү орунду ээлей бермекчи. Белгилүү болгондой, Улуттук банк макроэкономикалык чөйрөдө кеңири багытта иш алып барат. Алсак, баалардын туруктуулугу, улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактап туруу, банктык төлөмдөрдүн ишмердигин жакшыртуу ж.б. кадамдарды жасоодо.

Улуттук банктын ишмердигине токтолгон көз карандысыз эксперт Марат Султанов: "Улуттук банктын акча саясатынын негизинде улуттук сом эң туруктуу валюталардын катарында болууда. Кредиттердин үстөк пайызы төмөндөөдө. Албетте бул жерде Өкмөттүн да өз салымы бар. Бирок, бул багытта негизги саясатты Улуттук банк жасоодо. Учурда төлөм системасында бир аз ыңгайсыздыктар болууда. Мен бул жааттагы көйгөйлөрдү Улуттук банк жакынкы учурда чечет деп ойлойм. Ошондой эле экономикадагы долларлашуу деңгээли кескин төмөндөөдө. Мунун натыйжасында акчанын көлөмү көбөйүшү керек", – деп кошумчалады.

Конференциянын жүрүшүндө "Улуттук банктын валюталык саясаты алтын-валюталык фонд үчүн эч кандай залалсыз жүргүзүлдү", – деп билдирди КР Президенттинин аппаратынын Финансылык-экономикалык талдоо жана мониторинг өнүктүрүү бөлүмүнүн жетечисинин орун басары **Артем Новиков**.

## Жаңы замандын жагымдуу чакырыктары

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн тиешелүү иштерден улам акыркы жылдары калктын финансылык сабаттуулугу да жогорулап, кредиттерди алууда кардарлардын жоопкерчилиги да өскөн. Адамдар мурдагыдай кредиттерди баш аламан ала беришпестен, аларды төлөө мүмкүнчүлүктөрүн жана жолдорун алдын ала ойлонуштуруу менен гана кредиттик келишимдерди түзө башташты. Ал эми мурдагыдай бир кредитти жабуу үчүн экинчи кредит алган кардарлардын жана андай учурлардын саны кескин азайган.

– Эгерде 2012-жылы карызгерлер тарабынан башка жактагы карыздарды жабуу үчүн алган кредиттер жалпы кредиттердин 30 пайызын түзгөн болсо, бүгүнкү күндө бул көрсөткүч 17 пайызга түштү, – дейт Микрокредиттик компаниялар ассоциациясынын башчысы **Алишер Акбаралиев.** – Кредиттик портфель боюнча жалпы отчетту алсак, жакшы жакка жылыш бар экени байкалат.

Анткен менен мындай жагымдуу көрүнүштөр дайыма эле кезиге бербейт. Маселен 2014-2015-жылдары валюталык рыноктогу абалды жөнгө салуу үчүн Улуттук банк бир жарым жыл аракет кылган. Казак теңгесинин биринчи девальвациясынан кийин 23-24 пайызга түшүп кеткендигине токтолгон "Чанг Ан Банк" ААКнын директорлор кеңешинин төрагасынын орун басары **Заир Чокоев:** "Улуттук банктын тарыхында 2014-2015-жылдагыдай узак, бир жарым жылдык валюталык рынокту жөнгө салуу марафону болон эмес. Бирок, Улуттук банктын бул учурдагы ишин белгилеп коюшубуз керек. Абалды жөнгө сала алды. Натыйжада валюталык рынок стабилдүү, ал тургай улуттук валютанын бекемделиши байкалууда", –деп билдирди.

Мындай оор жолду басып өтүү Улуттук банк үчүн чоң тажрыйба болуп калды. Азыркы тапта заманбап технологиялардын өнүгүшү менен бирге заманбап төлөм системасын киргизүү боюнча алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатат. Алсак, 2016-жылы Улуттук банк Элкарт улуттук төлөм системасын чип менен төлөм карталарын ишке киргизди.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 38 төлөм системасы бар. Алардын ичинен он жетиси эл аралык. Учурда 1,6 млн. банктык төлөм картасы жана 300дөн ашуун банкомат иш алып барууда. Бардык бюджеттик уюмдар маянаны төлөм карталары менен алууга өткөрүлгөн.

Ошондой эле 25 коммерциялык банк 18 интернет банкинг, 7 мобилдик банкинг кызматын көрсөтүп баштašты. Улуттук банктын Төлөм системалары башкармалыгынын Операторлор жана төлөм уюмдары бөлүмүнүн начальниги **Айбек Султаналиевдин** берген маалыматы боюнча, электрондук акчалар да көп колдонула баштаган. Бул багытта алты коммерциялык банк линцензия алып, алардын үчөө активдүү иш алып барууда. Алар: "Элсом", "Мобильник" жана "Умай" электрондук капчыктары.

Ал эми "Мобильник" ЖЧКнын директору Адилет Бооталиевдин айтуусунда, 2016-жылы төлөм системалар аркылуу иштетилген акча каражаттарынын суммасы 23,8 млрд. сомду түзгөн. А электрондук капчык менен жүгүртүлгөн акчалардын суммасы 697 млн. сом болгон. Учурда бул багытта дагы көптөгөн иштер алып барылып, электрондук капчык дагы бир кыйла өнүгөрүнө ишеним күч. Ал тургай жакынкы учурда жалаң электрондук акчалар гана иштетилип калат деген идеалисттер да жок эмес.

## ЕАЭБ жана бирдиктүү валютага өтүү маселеси

Кыргызстан 2015-жылдын августунда ЕАЭБге кирген. Бул экономиканын бардык тармагына өз таасирин тийгизбей койгон жок. Өлкө аталган интеграциялык шериктештикке кирген мезгил ЕАЭБдин мунай өндүрүүчү өлкөлөрүндөгү кризис учуруна да туш келгенин эске алуубуз зарыл. Ошого карабастан Кыргызстан бул оорчулукка туруштук бере алды.

Ошондой эле акыркы учурда актуалдуу болбосо дагы интеграциялык алкакта бирдиктүү валютага өтүү маселесин айрым эксперттер айтып жүрүшөт. Албетте, бул учурдун актуалдуу маселеси болбогону менен эртели кеч интеграциялык алкакта бул маселе көтөрүлүп калуусу толук ыктымал. Конференциянын жүрүшүндө да бул маселе күн тартибине кирбегенине карабастан көтөрүлүп, талкууга алынды. Мында ар түрдүү сунуштар, пикирлер айтылганы менен негизинен Кыргызстан үчүн бирдиктүү валютага өтүү эртелик кылат жана кооптуу деген тыянакка келишти.

Алсак, көз карандысыз эксперт Марат Султанов: "Эгерде биз ЕАЭБди сактап калабыз десек, шашылыштын кажети жок. Биз экономикалык жактан дагы өсүшүбүз керек. ЕАЭБ өлкөлөрү бардык жактан балланска жетишкенде гана бирдиктүү валюта киргизүүнү ойлонсок болот. Азырынча кирешени тендеп, фискалдык саясат, капитал рыногундагы маселелерди чечпей туруп, бул жөнүндө ойлонбой деле койсок болот", – деди.

Ал эми Кыргызстан банктарынын ассоциациясынын башчысы **Анвар Абдраев:** "Мен бирдиктүү валютанын киргизилишине каршымын. Керек болсо 15 жылдык аралык да оптималдуу эмес. Салыштырмалуу бир кыйла өнүккөн Европалык бирликтин өлкөлөрүнүн тажрыйбасы да көп нерсени айтып турат. Бул маселеге аябай этияттык менен кайрылышыбыз керек. Улуттук банктын позициясы бул багытта туруктуу болушу зарыл", – деп билдирди.